**№_____ ЭСКРОУ ЭСЕП КЕЛИШИМИ**

Бишкек ш. 08.08.2024-ж.

**"Банк"**:"Керемет Банк" ААК биринчи тараптан "Керемет Банк" ААКнын филиалынын директорунун атынан – толук аты жөнү________________, ал _____________негизинде иш алып барган жана экинчи тараптан **"Депонент"-** толук аты жөнү _______________, ал ________________ негизинде иш алып барган, ошондой эле үчүнчү тараптан "***Бенефициар"*** толук аты жөнү ______________, ал _______________ негизинде иш алып барган үчүнчү тараптан, жалпысынан "Тараптар" деп аталгандар ушул Макулдашууну төмөнкү пункттардын негизинде түзүштү:

## 1. Келишим предмети

1.1. Бул Келишимдин предмети болуп Банк тарабынан *Депонентке* № _______ (мындан ары - эсеп) атайын эскроу эсебин ачуу, *Депоненттен* алынган акча каражаттарын эсепке алуу жана бөгөттөө үчүн аларды ушул Келишимде каралган себептер пайда болгон учурда *Бенефициарга* которуу болуп саналат.

1.2. Эгерде Депонентчи менен Бенефициардын ортосунда түзүлгөн макулдашууда/келишимде/контракта атайын эскроу эсебин пайдалануу менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү шарттары каралса жана атайын эскроу эсепти төлөөгө милдеттүү болгон мөөнөт белгиленсе, Депонентчиге эсеп белгилүү бир мөөнөткө ачылышы мүмкүн. Мында эсеп Депонентчи тарабынан Банкка эсеп ачылганга чейин Депонентчи менен Бенефициар тарабынан күбөлөндүрүлгөн түп нускасын же көчүрмөсүн берген шартта, эсеп тиешелүү макулдашууда/келишимде/контракта белгиленген мөөнөткө ачылат.

1.3. Депонентчи ушул Келишимдин 1.1-пунктунда көрсөтүлгөн эсепке ____________ (_______________________________________________________________) суммасында акча каражатын которот.

1.4. Ушул Келишимдин 1.2-пунктунда көрсөтүлгөндөн башка эсепке акча каражаттарын чегерүүгө жол берилбейт. Мында Банк эсептик тартибине операциянын туура келбегендигине байланыштуу эсепке чегерүү үчүн алынган акча каражаттарын кайра кайтарып берет.

1.5. Депонентчи да, Бенефициар да эсептеги акча каражаттарын башкарууга укугу жок.

1.6. Банктан Бенефициарга ушул Келишимдин 1.2-пунктунда көрсөтүлгөн суммада акча каражаттарын которуу үчүн Бенефициар, Бенефициардын ыйгарым укуктуу өкүлү Банкка тиешелүү түрдө тариздөлгөн төмөнкү документтерди бериши керек:

_____________________________________________________________________________________;

_____________________________________________________________________________________;

_____________________________________________________________________________________.

1.7. Ушул келишимдин 1.6-пунктта көрсөтүлгөн документтерди берүү учурунда Банктын жооптуу кызматкери берилген документтердин түп нускаларында же нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүндө коюлган колдордун, мөөрлөрдүн/штамптардын оригиналдуулугун визуалдык түрдө текшерет. Банк берилген документтердин аныктыгын текшербейт жана Бенефициар тарабынан берилген анык эмес документтердин негизинде эсеп операциясы жасалган учурда жоопкерчилик тартпайт.

1.8. Банк, эгерде ушул Келишимде белгиленген негиздер келип чыкса, атап айтканда, Бенефициар, Бенефициардын ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан ушул Келишимдин 1.6-пункттунда көрсөтүлгөн тиешелүү белгиленген талаптарынын толук комплектүү документтерин берип, ал формалдуу негиздер боюнча Банк тарабынан

текшерилгенден кийин Бенефициарга ушул Келишимдин 8-бөлүмүндө көрсөтүлгөн эсепке 1.2-пунктунда каралган өлчөмдөгү акча каражаттарын которуу Бенефициардан, Бенефициардын ыйгарым укуктуу өкүлүнөн документтер келип түшкөн күндөн тартып 10 (Он) күндүн ичинде берилиши керек, ал эми, эгер макулдашууда/келишимде/контракта Депонент менен Бенефициар ортосунда эсептешүү шарттарын караган учурда атайын эскроу эсебин колдонуу менен которуу учурунда башка мөөнөттү белгилейт, мындай мөөнөт макулдашууда/келишимде/контракта белгиленип, эгерде аны Депонент Банкка тапшырса.

1.9. Ушул Макулдашууда 3.2.4. пунктта жана пункт астында көрсөтүлгөн операцияларды кошпогондо, Депоненттин эсеби боюнча бардык башка операцияларды жүргүзүүгө жол берилбейт.

1.10. Эгерде Бенефициар же Бенефициардын ыйгарым укуктуу өкүлү туура эмес таризделген документтерди, 1.6-пунктта көрсөтүлгөн документтерден башка документтерди берсе, ушул Келишимде документтердин толук эмес топтому, ошондой эле ишеним каттын негизинде иш алып барган Бенефициардын өкүлдөрүнүн ыйгарым укуктары жок болгон учурда, мындай ишеним каттын туура эмес таризделиши, жараксыз ишеним кат документинин берилиши, колдонуудагы мыйзамдардын талаптарына туура келбеген ишеним каттын ж.б. которууга тоскоолдук кылган башка жагдайлардын келип чыгышынан улам Банк *Бенефициардын* пайдасына акча каражаттарын которбойт.

1.11. Эгерде ушул Келишимдин шарттарына ылайык эсеп ачылган мөөнөт бүтсө жана Бенефициардын пайдасына которууну жүргүзүүгө мүмкүн болбогон жагдайлар келип чыкса, анын ичинде Келишимдин ушул пунктунда көрсөтүлгөн негиздер боюнча, Банк эсебине чегерилген акча каражаттарын Банктын сыйакыларын алып салуу менен, эсеп ачылган мөөнөт аяктаган күндөн кийинки иш күнүнөн кечиктирбестен Депонентке кайтарып берет. Бул учурда, бул Келишим бузулат жана эсептеги акча каражаттарынын калдыгы Депонентке которулгандан кийин Банк тарабынан эсеп жабылат.

1.12. Эсеп ачууда кол тамгалардын үлгүлөрү жана мөөр басылган карточка берилбейт.

1.13. Эсептен акча каражаттарын которуу ушул Келишимде каралган шарттарга ылайык, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларына, Банк тарабынан кардарларга көрсөтүлүүчү тарифтердин (мындан ары - Банктын тарифтери) жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бекитилген тизмегине ылайык жүзөгө ашырылат.

## 2. Эсепти ачуу жана жүргүзүү тартиби

2.1. Банк тарабынан ушул Келишимдин негизинде *Депонентке* эсеп Депонент, Бенефициарды, алардын өкүлдөрүн, пайда алуучулардын идентификациялоо жана эсепти ачуу үчүн зарыл болгон документтерди, анын ичинде ушул Келишимде белгиленген учурлардагы документтерди Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана "Керемет Банк" ААКсында банктык эсептерди ачуу жана жүргүзүү эрежелеринде (мындан ары - Эрежелер) белгиленген талаптарга ылайык Банкка сунуштагандан кийин ачылат.

2.2. Перевод Депоненттин эсебине акча каражаттарын которуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Келишимдин шарттарына ылайык Депоненттин эсебиндеги акча каражаттарынын калдыктарынын чегинде жүргүзүлөт.

Банк Депонентке жана/же бенефициарга же алардын өкүлдөрүнө Депоненттин/Бенефициардын ишеним каттын жана жазуу жүзүндөгү сурамдын негизинде банк эсебинин көчүрмөлөрдү берет. Эсеп көчүрмөлөр Депоненттен/Бенефициардан тиешелүү жазуу жүзүндөгү сурамды Банк алган күндөн тартып 5 (Беш) жумушчу күндүн ичинде берилет. Эгерде ал берилген күндөн тартып 10 (он) жумушчу күндүн ичинде Банкка жазуу жүзүндө каршы пикир билдирилбесе, эсеп көчүрмөсү тастыкталды деп эсептелет.

2.3. Электрондук нуктагы документтердин негизинде Депонент эсебине акча каражаттарын чегерүүдө Банк мындай документтердин көчүрмөлөрүн кагазга түшүрө алат.

2.4. Банк эсепте калган калдыктарга пайыздарды чегербейт

2.5. Депонент бул Келишимге кол коюу менен ал, Банктын колдонуудагы тарифтери менен тааныш экенин, Банк тарабынан белгиленген тарифтерге макул экенин жана ушул

келишимдин негизинде Депонентке көрсөтүлгөн кызматтары үчүн банк тарабынан төлөмдөр алынаарына макул экендигин тастыктайт. Банктын тарифтери ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 3. Тараптардын укуктары жана милдеттери

3.2. ***Банк* милдеттенет**:

*3.2.1. Депоненттен* түшкөн акча каражаттарын эсепке чегерүүгө.

*3.2.2. Депоненттен эсепке түшкөн акча каражаттарынын сакталышын камсыз кылуу.*

3.2.3. Ушул Келишимде каралган негиздер пайда болгон учурда Бенефициардын эсебине ушул Келишимдин шарттарына ылайык ушул Келишимдин 1.2-пунктунда көрсөтүлгөн сумманы Банктын колдонуудагы тарифтери менен белгиленген Банктын сыйакысын алып салуу менен которуу.

3.2.4. Ушул Келишимдин негизинде *Депонент, Бенефициардын кат жүзүндөгү сурамдарына өз учурунда жооп берүү*.

3.2.5. Банктын тарифтеринин өзгөргөндүгү же жаңы тарифтердин киргизилгендиги, тейлөө жол-жоболору (анын ичинде жумуш тартиби) жөнүндө Депонентке жана Бенефициарга маалымдоо Депонентти жана Бенефициарды тейлеген жердеги кулактандыруу стендине, ошондой эле Банктын www.keremetbank.kg расмий сайтына маалыматтарды бул өзгөртүүлөр күчүнө киргенге чейин 10 (Он) жумушчу күндөн кечиктирбестен жайгаштырылып, маалымдалышы керек. Депонет Банктын имараттарындагы маалыматтык стендде же Банктын сайтында Банк тарабынан жайгаштырылган маалымат менен таанышпаса, мындайча айтканда Банктын тарифтеринин өзгөрүшү же киргизилиши, тейлөө тартиби (анын ичинде жумуш тартиби) жөнүндө Депоненттин билбегени Депонентти Банктын тарифтерине ылайык операцияларды жүргүзүү учуруна ылайык тиешелүү суммаларды төлөөдөн бошотпойт. Депонет Банк тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар үчүн комиссиялар Банктын операция жасалган күнү колдонуудагы тарифтеринде белгиленген өлчөмдө алынаарына макул болот.

3.2.6. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурлардан тышкары, эсеп боюнча жүргүзүлгөн операциялар боюнча банктык сырды сактоо.

3.2.7. Ушул Макулдашуунун 1.8-пунктунда белгиленген учурларда жана тартипте Банктын сыйакысын алып салуу менен эсепке чегерилген акча каражаттарын Депонентке кайтарып берүү.

3.3. ***Банк* укуктуу:**

3.3.1. Ушул Келишимде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында белгиленген учурларда Бенефициардын пайдасына акча каражаттарын которуудан баш тартууга.

3.3.2. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында, ушул Келишимде жана Эрежелерде белгиленген учурларда эсеп боюнча операцияларды токтотуу, эсептеги акча каражаттарын тоңдуруу (бөгөттөө) боюнча чараларды көрүүгө.

3.3.3. Бир тараптуу тартипте Банктын колдонуудагы тарифтерине өзгөртүүлөрдү киргизүү, ошондой эле Банктын иш графигин алуу менен, Депонентти жана Бенефициарды тейлөө графигин өзгөртүү.

3.3.4. Депоненттин буйругусуз анын эсебинен чыгаруу:

- Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык ушул Келишим боюнча кызмат көрсөтүүлөргө болгон төлөмдөрдү;
- депоненттин эсебине жаңылышып, туура эмес чегерилген акча каражаттарын;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте акча каражаттарды.

3.3.5. Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык ушул Келишимдин негизинде кызмат көрсөтүүлөргө төлөө боюнча милдеттемелер боюнча Депоненттин эсебинен акча каражаттарын эсептен чыгаруу жана эсепке жаңылыш чегерилген акча каражаттарын кайтаруу ушул Келишимге ылайык Банк тарабынан жүзөгө ашырылат.

3.3.6. Акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүдөн жана Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык аларды төлөө үчүн Депоненттин эсебинде акча каражаттары жок болсо, Бенефициардын пайдасына эсептен акча каражаттарын которуудан баш тартууга.

3.3.7. Эсепте акча каражаттары жок (жетишсиз) болгон учурда, банктык эсеп келишиминин негизинде Депоненттин Банкта ачылган башка эсептен Банктын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн акча каражаттарын эсептен чыгаруу.

3.3.8. "Кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) жана терроризмди каржылоого каршы аракеттер тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын аткаруу үчүн зарыл болгон документтерди жана маалыматтарды, анын ичинде Депонент, бенефициар, алардын өкүлдөрү, пайда алуучулар жана бенефициар ээси жөнүндө маалыматтарды жана документтерди талап кылууга;

3.4. ***Депонент* милдеттенет:**

3.4.1. Ушул Келишимдин 1.2-пунктунда көрсөтүлгөн суммадагы акча каражатты ушул Келишимге Тараптар кол койгон күндөн тартып 3 (Үч) жумушчу күндүн ичинде которуу.

3.4.2. Жоюу, кайра уюштуруу, банкрот болуу, аталышынын өзгөрүшү, жалгыз аткаруу органдын иш жүзүндө туруктуу жайгашкан жери, юридикалык жана почталык даректери, мөөр басылышынын озгөрушүн, айтор Депоненттин, Депоненттин өкүлдөрүнүн, бенефициарлардын, бенефициардык менчик ээсинин идентификациялоо үчүн зарыл болгон маалыматтар жөнүндө банкка жазуу жүзүндө токтоосуз тастыктоочу документтердин түп нускаларын жана/же тийиштүү түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн берүү менен ушул Келишим боюнча өз милдеттемелерин талаптагыдай аткаруу үчүн Банкка зарыл болгон башка маалыматтарды билдирүүгө.

3.4.3. Эсеп аркылуу акча каражаттарын которуу үчүн зарыл болгон маалыматтарды жана Депонентти, Депоненттин өкүлдөрүн, пайда алуучуну, бенефициарларды, бенефициардык менчик ээсин аныктоо боюнча документтерди Банкка тез арада берүүгө, ал эми Банктын жазуу жүзүндөгү сурамы боюнча – Депонент тарабынан сурамды алгандан тарта кийинки иш күнүнөн кечиктирбестен өз учурунда берүүгө.

3.4.4. Эсеп боюнча көчүрмөнү алгандан кийин 10 (он) жумушчу күндүн ичинде жаңылыш чегерилген (эсептен чыгарылган) суммалар жөнүндө Банкка жазуу жүзүндө билдирүү керек. Эгерде Банк көрсөтүлгөн мөөнөттө Депоненттен жаралган көйгөй тууралуу билдирүү албаса, анда аткарылган операциялар жана Депоненттин эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгы тастыкталды деп эсептелет.

3.4.5. Банкка ушул Келишимдин шарттарына жана Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык Банк тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар үчүн анын наркын төлөп берүү.

3.4.6. Банкка Депоненттин бенефициардык ээси жөнүндө маалыматты жана тастыктоочу документтерди берүү керек. Бенефициардык менчик ээси деп - түз же кыйыр түрдө (үчүнчү жактар аркылуу) Депонентке ээлик кылган (капиталда 25 пайыздан ашык катышууга ээ) же Депоненттин аракеттерин контролдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жеке жак.

3.5. Белгилүү бир мөөнөткө эсеп ачуу зарыл болгон учурда, эсепти ачуунун алдында Банкка Депонент менен Бенефициардын ортосунда түзүлгөн атайын эскроу эсебин колдонуу менен эсептешүүлөрдүн жана атайын эскроу эсеби ачылган мезгилди белгилеген макулдашуунун/келишимдин шарттарын караган түп нускасын же Депонет жана Бенефициар тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн берүүгө тийиш.

**3.6. *Депонент* укуктуу:**

3.7. Банктын Депоненттин эсебинен Бенефициардын пайдасына акча каражаттарын которуусу жөнүндө маалымат алуу жана эсеп боюнча жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө Банкка жазуу жүзүндөгү суроо-талаптарды берүү.

***3.8. Бенефициар* милдеттүү:**

3.8.1. Жоюу, кайра уюштуруу, банкрот болуу, аталышынын өзгөрүшү, жеке аткаруучу органдын иш жүзүндө жайгашкан жери, юридикалык жана почталык даректери, мөөр басылышы, Бенефициарды, Бенефициардын өкүлдөрүн, пайда алуучунун, бенефициардык менчик ээсин жана башка жактарды идентификациялоо үчүн зарыл болгон тастыктоочу документтердин түп нускаларын жана/же тийиштүү түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн берүү менен ушул Келишим боюнча өз милдеттемелерин талаптагыдай аткаруу үчүн Банкка зарыл болгон башка маалыматтар жөнүндө банкка дароо жазуу жүзүндө билдирүүгө.

3.8.2. Бенефициарды, Пайда алуучуну, бенефициар ээсинин идентификациялоо үчүн зарыл болгон маалыматтарды жана документтерди Банкка тез арада, ал эми Банктын жазуу

жүзүндөгү суроо-талабы боюнча - аны алган күндөн тартып экинчи иш күнүнөн кечиктирбестен Банкка берүүгө тийиш. Бенефициар. Бенефициардык менчик ээси деп - түз же кыйыр түрдө (үчүнчү жактар аркылуу) Бенефициарга ээлик кылган (капиталда басымдуу бөлүгү 25 пайыздан ашык катышууга ээ) же Бенефициардын аракеттерин көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жеке жакты айтабыз.

**3.9. *Бенефициар* укуктуу:**

3.9.1. Банктан банктык сырды түзгөн эсептин көчүрмөсү түрүндө маалыматтарды берүүнү талап кылууга.

## 4. Тараптардын жоопкерчилиги жана талаштарды чечүү тартиби

4.2. Депоненттен алынган акча каражаттары эсепке өз убагында чегерилбеген учурда, ошондой эле Банк тарабынан Депоненттин эсебинен Бенефициардын пайдасына акча каражаттары негизсиз чегерилсе, Банк ушул тууралу жазуу жүзүндөгү билдирүүнү алгандан кийин Депоненттин талабы боюнча, Банк өз милдеттемелерин бузуп, акча каражаттарын пайдалангандыгы үчүн колдонулуп жаткан банктык пайыздык чендин 0,5% өлчөмүндө Депонентке пайыздарды төлөп берет.

4.3. Бенефициар тарабынан берилген тийиштүү түрдө таризделген документтердин негизинде (эгер ушул Келишимдин 3.2.1. пунктунда көрсөтүлгөн жагдайлар болбосо) Бенефициардын пайдасына акча каражаттарын которуу боюнча милдеттемелер аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган учурда, Банк Бенефициардын жазуу жүзүндөгү талабын алгандан кийин Банк Бенефициарга бул акча каражаттарын пайдаланып, Банк өзүнүн талаптарын бузган үчүн ар бир кечиктирилген күн үчүн банктык пайыздык ставканын 0,5% өлчөмүндө Бенефициарга төлөп берет.

4.4. Депоненттен алынган акча каражаттары эсепке өз убагында чегерилбеген учурда, ошондой эле Банк тарабынан Депоненттин эсебинен Бенефициардын пайдасына акча каражаттары негизсиз чегерилсе, Банк Депонеттен жазуу жүзүндөгү билдирүүнү алгандан кийин Депоненттин талабы боюнча, Банк өз милдеттемелерин бузган учурда колдонулуп жаткан банктык пайыздык чендин 0,5% өлчөмүндө акча каражаттарын пайдалангандыгы үчүн Депонентке пайыздарды төлөп берет.

4.5. Ушул Келишимдин 3.3.2, 3.3.3, 3.3.6. -пункттардын шарттарын Депонент аткарбаган же талапка ылайык аткарбаган учурда ж.б. чыгымдар үчүн Банк ушул Келишим боюнча Банкка жүктөлгөн милдеттенмелерди аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт.

4.6. Бенефициар тарабынан ушул Макулдашуунун 3.5.1, 3.5.2-пункттардагы шарттарды аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган себептерден улам, ж.б. чыгымдар үчүн Банк ушул Келишим боюнча Банкка жүктөлгөн милдеттенмелерди аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт.

4.7. Бенефициар Банк тарабынан Бенефициардын пайдасына акча каражаттарын которуу үчүн берилген документтердин тууралыгы үчүн жоопкерчилик тартат. Эгерде Бенефициар тарабынан берилген документтердин так эместигинен улам Банкка зыян келтирилсе, мындай зыян Бенефициар тарабынан толук төлөнүүгө тийиш.

4.8. Депонент Банкка берилген документтердин тууралыгы үчүн жоопкерчилик тартат, атап айтканда, Депонент менен Бенефициардын ортосунда эсептешүү атайын эскроу эсебин колдонуу шарттарын караган макулдашуу/келишимдин Депонент жана Бенефициар тарабынан күбөлөндүрүлгөн түп нускасы же көчүрмөсү боюнча. Эгерде Депонт тарабынан берилген документтердин так эместигинен улам Банкка зыян келтирилсе, мындай зыян Депонт тарабынан калыбына келтирилип, толук төлөнүүгө тийиш.

4.9. Тараптар бири-бирине алардын аракетинен (*аракетсиздигинен*) улам келип чыккан иш жүзүндөгү зыяндын ордун гана толукташат.

4.10. Ушул Келишим боюнча талаш-тартыштар жазуу жүзүндөгү доомattарды берүү жолу менен чечилет, ал эми келип чыккан талаш-тартыш боюнча макулдашууга келишпесе, ал маселе Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилет. Тараптын жазуу жүзүндөгү доосун кароо мөөнөтү доо арызы келип түшкөн күндөн тартып 15 (он беш) жумушчу күндөн ашпашы керек.

## 5. Форс-мажордук жагдай

5.1. Табигый кырсыктарды, аварияларды, өрттөрдү, массалык баш аламандыктарды, иш таштоолор, ыңкылаптар, аскердик аракеттер, үчүнчү жактардын мыйзамсыз

аракеттерин камтыган форс-мажордук жагдайлар келип чыккан учурда, мыйзам актыларынын, өкмөттүн токтомдорунун жана мамлекеттик органдардын буйруктарынын күчүнө кириши түздөн-түз же Тараптардын келишим боюнча өз функцияларын аткаруусуна кыйыр түрдө тыюу салуу же тоскоолдук кылуу жана тараптардан көз каранды болбогон башка жагдайлардан чыккан форс мажордук жагдайга байланыштуу ушул Макулдашуу боюнча тараптар өз милдеттемелерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулушат.

Форс-мажордук жагдайлар келип чыккан учурда, тараптардын бири экинчи тарапка тез арада жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү. Билдирүүдө жагдайлардын мүнөзү, ошондой эле тараптардын ушул Келишим боюнча өз милдеттемелерин аткаруу жөндөмдүүлүгүнө тийгизген таасирине баа берилиши керек.

Жогорудагы жагдайлар токтотулгандан кийин бир тарап экинчи тарапка токтоосуз түрдө жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү. Билдирүүдө ал ушул Келишим боюнча милдеттемелерди качан аткараары тууралуу күтүлүп жаткан мезгилди көрсөтүүгө тийиш.

## 6. Башка шарттар

6.2. Ушул Макулдашуунун 3.2.4. пункттарында белгиленген учурларды кошпогондо, бул Келишимге өзгөртүүлөр же толуктоолор тараптар тарабынан кошумча макулдашууну түзүү менен ишке ашырылып, ал макулдашуу келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

6.3. Банктын Депонентке же Бенефициарга ушул Келишимдин предмети болуп саналбаган кошумча кызматтарды көрсөтүүсү өзүнчө келишимдер менен жөнгө салынат.

6.4. Эгерде Депонент жана/же Бенефициар жеке жак болсо, анда ушул Келишимге кол коюу менен Депонент/Бенефициар Банкка өзүнүн жеке маалыматтарын төмөнкүчө пайдаланууга макулдугун берет:

- кайра иштетүү, анын ичинде жеке маалыматтарды чогултуу, эсепке алуу, системалаштыруу, топтоо, сактоо, тактоо (жаңыртуу, өзгөртүү), чыгаруу, пайдалануу, өткөрүп берүү (таратуу, берүү, жетүү), ээсиз кылуу, бөгөттөө, алып салуу, жок кылуу жана аларды автоматташтыруу куралдарын колдонуу же мындай куралдарды колдонбостон чек ара аралык өткөрүү.

Макулдук төмөнкү максаттар үчүн берилет:

- Банк тарабынан ушул Келишимдин шарттарын аткаруу;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен Банкка жүктөлгөн функцияларды, ыйгарым укуктарды жана милдеттерди ишке ашыруу жана аткаруу;

- байланыш каражаттарын пайдалануу менен Депонент/Бенефициар менен түз байланыштарды түзүү аркылуу Банктын кызматтарын ишке ашыруу.

Бул макулдук жеке маалыматтардын төмөнкү категорияларын иштетүүгө берилет: фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган күнү жана жери, паспорттук маалыматтар (инсандыгын тастыктаган документтин маалыматтары), катталган дареги, жашаган дареги, байланыш маалыматы (телефон номери, электрондук почта дареги).

Бул Келишимдин максаттарына жетүү үчүн, кызматтарды көрсөтүү үчүн үчүнчү жактарды тартуу максатында, Банк тарабынан өз функцияларын жана ыйгарым укуктарын башка жакка - Банктын укук мураскерине өткөрүп берүү ж.б. максатта Депонент/Бенефициарлардын жеке маалыматтарын үчүнчү жакка, алардын өкүлдөрүнө жана башка ыйгарымдуу жактарга (анын ичинде кредиттик эмес жана банктык эмес уюмга) тиешелүү көлөмдө Банк берүүгө укуктуу.

Макулдук Банк менен болгон мамилелер токтотулган күндөн тартып беш жылдык мөөнөт аяктаганга чейин же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген сактоо мөөнөтү аяктаганга чейин күчүндө болот.

Банк__________________ Депонент__________________ Бенефициар__________________

## 7. Келишимдин мөөнөтү жана аны бузуунун тартиби

7.2. Эгерде каражаттар ушул Келишимдин 1.2-пунктта көрсөтүлгөн өлчөмдө Депоненттен эсепке ушул Келишимдин 3.3.1. пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөттө түшпөсө бул Келишим Тараптардын макулдашуусу боюнча токтотулду деп эсептелет. Бул учурда эсеп Банк тарабынан жабылат.

7.3. Бул Келишим ушул Келишимдин шарттарына ылайык Бенефициардын пайдасына эсептен акча каражаты которулган күндөн кийинки күнү токтотулат.

7.4. Бул Келишим ушул Келишимдин 1.8-пунктунда каралган учурда да токтотулат.

7.5. Бул Келишим кыргыз тилинде бирдей юридикалык күчкө ээ, тараптардын ар бири үчүн бирден үч нускада түзүлдү.

## 8. Тараптардын реквизиттери жана юридикалык даректери

| | | |
|---|---|---|
| **Банк:**<br>**«Керемет Банк» ААК**<br><br>**Жайгашкан жери:**______________<br>______________<br>**Почта дареги:**<br>______________<br>______________<br>**Реквизиттер:**<br>______________<br>**б/эсеби №**<br>______________<br>______________<br>______________<br>__<br>**БИК** ______________<br>**ИНН** ______________<br>________ (______________)<br>**м.п.** | **Депонент:**<br>______________<br>**Турган жери:** ______________<br>______________<br>___<br>______________<br>__**ППочта дареги (Банктан корреспонденция алуу үчүн)**<br>______________<br>________<br>______________<br>_______<br>______________<br>_______<br>**Реквизиттер:**<br>______________<br>_______<br>______________<br>________<br>______________<br>_______<br>_____(______________)<br>**м.п.** | **Бенефициар:**<br>______________<br>__<br>**Турган жери:**<br>______________<br>___<br>______________<br>_______<br>**Почта дареги (Банктан корреспонденция алуу үчүн)**<br>______________<br>___<br>______________<br>___<br>______________<br>___<br>**Реквизиттер:**<br>______________<br>___<br>______________<br>___<br>______________<br>___<br>______________<br>__<br>_____(______________)<br><br>**м.п.** |

**Эскроу эсеби Келишимине № 1-тиркеме**
**№ ____________**

**«___» ___________ 20__жылдан.**

**«Керемет Банк»** ААК тарабынан көрсөтүлгөгөн кызматтар үчүн

**ТАРИФТЕР**

| **№** | **Кызматтын түрү** | **Наркы** | **Примечани** |
|---|---|---|---|
| 1 | **Эсеп ачуу** | Төлөм алынбайт | |
| 2 | **Эскроу-эсебин тейлөө боюнча комиссия** | Бүтүмдүн суммасынан 0,02% | |
| 3 | **Келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүү - 1 өзгөртүү үчүн** | 2500 сом | |
| 4 | **Бүтүмгө карата акча каражатты накталоо** | Төлөм алынбайт | |
| 5 | **Эскроу эсебине/нен акча каражаттарын которуу** | Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык | |
| 6 | **Эсепти жабуу** | Төлөм алынбайт | |
| 7 | **жекече шарттарда келишим түзүү** | Келишимге жараша | |
| 8 | **Валюта бүтүмү** | KGS, USD, EUR, RUB | |
| 9 | **Жайгаштыруу мөөнөтү** | Чектөөсүз | |
| 10 | **Минималдуу сумма** | Чектөөсүз | |
| 11 | **Максималдуу сумма** | Чектөөсүз | |
| 12 | **Кыргыз Республикасынын чет өлкөлүк мекемелеринин консулдук кызмат адамдары жасаган нотариалдык аракеттерди кошпогондо, нотариалдык иш-аракеттерди жасагандыгы үчүн, ошондой эле нотариалдык күбөлөндүрүлгөн документтердин көчүрмөлөрүн (дубликатын) бергендиги үчүн төлөнүүчү мамлекеттик алым** | ***накталай эмес төлөмдөрдү жүргүзүүдө:***<br>*кыймылсыз мүлккө менчик укугун өткөрүп берүү предмети болгон келишимдерди күбөлөндүрүү үчүн:*<br>*- эгерде бүтүмдүн тараптары болуп балдар, ата-энелер, жубайлар, бир туугандар, эже-сиңдилер, чоң ата, чо[ң] эне, неберелер болсо -* ***1000 (бир миң) сом****;*<br>*- эгерде бүтүмдүн тараптары башка жеке жактар болсо -* ***2000 (эки миң) сом****;*<br>*- эгерде бүтүмдүн тараптарынын бири юридикалык жак болсо -* ***5 000 (беш миң) сом****;*<br>*накталай төлөмдөрдү жүргүзүүдө:* | |

Банк____________________ Депонент____________________ Бенефициар____________________

| | | |
|---|---|---|
| | | *- эгерде бүтүмдүн тараптары болуп балдар, ата-энелер, жубайлар, бир туугандар, эже-сиңдилер, чоң ата, чо эне, неберелер болсо -* ***10 000 (он миң сом****;*<br><br>*- эгерде бүтүмдүн тараптары башка жеке жактар болсо -* ***20 000 (жыйырм миң) сом****;*<br><br>*- эгерде бүтүмдүн тараптарынын бири юридикалык жак болсо -* ***50 000 (элүү миң) сом****.* |
| **13** | **Мамлекеттик каттоодон өткөрүлө турган жана нотариалдык күбөлөндүрүүнү талап кылынбаган кыймылсыз мүлккө, жер участокторуна укуктарды камтыган бүтүмдөрдү жүзөгө ашыруудагы Мамлекеттик алым** | ***накталай эмес төлөмдөрдү жүргүзүүдө:***<br><br>*- эгерде бүтүмдүн тараптары болуп балдар, ата-энелер, жубайлар, бир туугандар, чоң ата, чоң эне, неберелер болсо -* ***300 (үч жүз) сом;***<br><br>*- эгерде бүтүмдүн тараптары башка жеке жактар болсо -* ***500 (беш жүз) сом;***<br><br>*- эгерде бүтүмдүн тараптарынын бири юридикалык жак болсо -* ***1000 (би миң) сом;***<br><br>*накталай төлөмдөрдү жүргүзүүдө:*<br><br>*- эгерде бүтүмдүн тараптары болуп балдар, ата-энелер, жубайлар, бир туугандар, чоң ата, чоң эне, неберелер болсо -* ***3000 (үч миң) сом;***<br><br>*- эгерде бүтүмдүн тараптары башка жеке жактар болсо -* ***5 000 (беш миң) сом****;*<br><br>*- эгерде бүтүмдүн тараптарынын бири юридикалык жак болсо -* ***10 000 (он миң) сом.*** |

**<u>Эскертүү:</u>**

**Келишимдин бул №1-тиркемеси бекитилген Тарифтерге ылайык комиссиялык ставкаларды камтыйт.**

Банк____________________ Депонент____________________ Бенефициар______________________